## МАМЛЕКЕТТИК-ПАРТИЯЛЫК ИШМЕР И.РАЗЗАКОВДУН 100 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕСИНЕ АРНАЛГАН «ӨМҮРҮ ӨРНӨК ИНСАНДАР» АТТУУ РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯНЫН МАКАЛАЛАРЫ

**Зулпукаров А.**

# Суу ресурстарын натыйжалуу пайдаланууда И.Раззаковдун ролу

Азыркы учурдагы сугат системалары сууларды алуудагы аны бөлүштүрүүдөгү инженердик категориядагы курулуштардын катарына кирет. И.Раззаков мезгилиндеги курулган бул сугат системалары уникалдуу, тоо шартына, андагы рельефтерге ылайыкташтырылган, инженердик оргиналдуу чечилген, татаал конструкциядагы курулуштар экендигине проектирлөөчү-суу адистери сыймыктанышат. Алардын алгачкылары болуп курулган Чумыш плотинасы - анын макети Брюсельдеги Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөгө коюлган. Андан кийинки курулган Атбашы сугат системасы, Орто-Токой суу сактагычы, Чоң-Чүй каналы, Төрт-Гүль, Найман, Киров, Папан, Базар-Коргон ж.б. суу сактагычтары. Бул сугат системалары аркылуу бетон жана темир бетондордон курулган бутактаган суу өткөрүүчү каналдар курулуп, андагы суулар жансыз жаткан Төө-Моюн, Кызыл-Жар, Кулунду, Арка, Куланак, Тасма ж.б. чөлдөргө жеткирилген.

Элдердин социалдык-экономикалык деңгээлинин жогорулашынын негизги фактору - бул суу ресурстарын туура жана натыйжалуу пайдаланышы. Орто Азия чөлкөмүндө суулардын запасы боюнча Кыргызстан биринчи орундарда турат. Тилекке каршы бүгүнкү күндө бул суу ресурстары толук жана натыйжалуу пайдаланылбай жатат. Суу ресурстары негизинен төмөнкү багыттарда: электр энергиясын өндүрүп чыгуу, республикадагы 1 миллиондон ашык сугат жерлерди суу менен камсыз кылуу жана башка айыл чарбасындагы, жеке менчиктеги бак-дарактарды, огородордогу жашылча жемиштерди сугаруу үчүн, ошондой эле көлдөрдө, суу сактагычтарда балыктарды өстүрүү үчүн керектелет.

Жогоруда айтылган 1 миллиондон ашык сугат жерлерди Республикада жүргүзүлгөн «Жер жана агрардык реформасынын» негизинде 75%ы айыл жеринде жашап жаткан жарандарга үлүш катары таркатылып берилген, ал эми 25%ы «Кайра бөлүштүрүү фонд» катарында Айыл чарба министрлигинин карамагына берилген. Алар тарабынан көзөмөлдөөнүн жоктугунан бул жерлер республиканын экономикасынын өсүшүнө керектелбестен, айрым бир шылуун Айыл өкмөттөрүнүн чөнтөгүнө иштеп жатат. Өкмөттүн атайын бул жерлер, айыл чарбасынан башка максаттарга пайдаланууга тыйуу салынат деген Токтомуна карабастан көпчүлүк бөлүктөрү Айыл өкмөттөрү тарабынан жеке менчикке үй куруу үчүн сатылып жатат.Мисалы: Жалал-Абад шаарынын тегерегиндеги пахта эгилген жер аянттарынын ордуна ар кандай деңгээлдеги, азыркы архитектуранын талабына жооп бербеген ылайдан салынган тамдар пайда болуп жатат. Ал жерлерден республиканын экономикасына пайда бере турган айыл чарба эгиндери эгилиш керек эле.

Сугат жерлер жеке менчикке таркатылгандыгынын натыйжасында республикадагы сугат системасы түп тамырынан бери бузулду. Социализм учурунда курулган ички чарбалык каналдар, темир бетондон курулган лотоктор талкаланып, ичиндеги арматураларына чейин уурдалып кетти. Айрым жерлердеги каналдарды ылай басып, суу өткөрүү жөндөмдүүлүгү кескин төмөндөдү. Ошондой эле суу чыгаруучу насостор толук иштебей, айрым жерлерде алар талкаланып, тонолду. Ушундай абалдын натыйжасында сугат жерлеринен алына турган айыл чарба продукталары кескин төмөндөп, ал эми айрым жерлердеги айдоо аянттары пайдаланылбай калды. Бул болсо республиканын жалпы экономикасынын өсүшүнө, ошондой

эле айрыкча айыл жерлеринде жашап жаткан элдердин турмуш деңгээлине тескери таасирлерин тийгизип жатат.

Коомдун, өндүрүштүн жана жеке жарандардын керектөөсүн канаатандыруу үчүн сөзсүз түрдө табият ресурстарын пайдаланабыз. Алардын ичинен негизгиси болуп жер ресурстары. Жердин сырткы бөлүгү курулуштар үчүн, ички бөлүгү кен-байлыктарды казып алуу үчүн, суу бөлүктөрү балык уулоого пайдаланылат.

Азыркы техногендик типтеги экономикалык өнүгүү, айлана-чөйрөнү бузуу, табийгий ресурстарды ыксыз чыгымдоо, айлана чөйрөнү булгоо, азыркы адам баласынын жашоо, иштөө деңгээлинин натыйжасы. Адам баласына коркунуч туудура турган глобалдуу проблемалардын ичинен биринчи орунда ядролук согуш, экинчи орунда экология (айлана чөйрөнү коргоо), андан кийинкиси демография маселелери болуп саналат.

Кийинки убактарда дүйнөнүн айрым жерлеринде иче турган, сугара турган суулар жетишпейт. Биздин эле Кыргызстанды ала турган болсок, көпчүлүк айыл-кыштак жерлеринде сугара турган жана иче турган таза суулар жок. Жашоочулар аргасыздан арыктан булганган сууларды тундуруп ичишкен фактылар толтура. Мунун кесепетинен жугуштуу оорулар көбөйүп, өлүм-житимдер өсүп жатат.

Суу-бул экономика, суу-бул жашоо, суу-бул өмүр. Сууларды сактайлы жана натыйжалуу пайдаланалы.

***Адабияттар***

1. Ирригации Киргизии в проектах и **обњектах.** О.А.Билик, Бишкек-1991.
2. Аграрная реформа в Кыргызстане. А.Зулпукаров, Жалал-Абад - 1991

* * *